| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЧҮЙ ОБЛУСУ**<br>**АЛАМҮДҮН РАЙОНУ**<br>**АРАШАН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН**<br>**АРАШАНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

**Бириккен Арашан айылдык кеңешинин**
**I-чакырылышы**

**Таш-Дөбө а.** **20-ноябрь 2025 ж.**

# ТОКТОМ №59

**“Мамлекеттик лизинг компаниясы” ачык акционердик коому аркылуу лизинг менен атайын техникаларын сатып алуу жөнүндө**

Арашан айыл аймагынын инфраструктурасын жакшыртуу, коммуналдык кызматтардын сапатын жогорулатуу жана айыл өкмөтүнө караштуу муниципалдык ишканаларды жаңы атайын техника менен камсыздоо максатында, лизинг аркылуу “Мамлекеттик лизинг компаниясы” менен зарыл болгондугу жөнүндө айыл өкмөтүнүн башчысы Болгонбаев Самат Таалайбековичтин сунушун карап чыгып, талкуулап

**Арашан айылдык кеңеши**

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Финансалык ижара келишиминин (лизинг) негизинде “Мамлекеттик лизинг компаниясы” ачык акционердик коому аркылуу жалпы суммасы 75800 АКШ доллар 6822000 (Алты миллион сегиз жүз жыйырма эки миң) сомдук, АКШ доллар менен алынган техниканын курсу прогноздук курс менен эсептелген (1$=90 сом) айыл чарба техника жана атайын техника жылдык 11 (он бир) пайыз менен, 5 жылдык мөөнөткө төмөнкү техникалар алынсын:
   - 1.1. 1 (бир) даана “FAW JK6 KVY” маркасындагы кранманипулятор (техника) унаа жалпы 46 800 суммасы доллар (46 800 х 90 = 4 212 000 сом)
   - 1.2. 1 (бир) даана “FAW VH Tiger” маркасындагы таштанды ташуучу (техника) унаа жалпы 29 000 суммасы доллар (29 000 х 90 =2 610 000 сом)
2. Лизингге алынган автоунаалардын бажы жагынан жол-жоболоштуруусу, каттоосу, автоунааларды лизингдин бүткүл мезгилине камсыздандыруусуна, баштапкы 10% (пайыздык) салым жана лизингге алынган автотехникаларын өз эсебинен сатып алууга байланышкан чыгашалардын акча каражаты жергиликтүү бюджетке бекитилбегендигине байланыштуу, каржылоо “Мамлекеттик лизинг компаниясы” тарабынан жүргүзүлсүн.

3. Аталган атайын техникаларды сатып алууга жумшалган каражат 2025-жылдын сметасында каралбай калгандыктан, 2026-жылдын сметасында бекитилсин.

4. "Мамлекеттик лизинг компаниясы" ачык акционердик коому менен лизинг келишимине жана келишимден келип чыгуучу башка документтерге кол коюу укугу Арашан айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т. Болгонбаевге жүктөлсүн.

5. "Мамлекеттик лизинг компаниясы" тарабынан жүргүзүлгөн төлөмдөрдү - бажы жагынан жол-жоболоштуруусу, каттоосу, автоунааларды лизингдин бүткүл мезгилине камсыздандыруусуна баштапкы 10% (пайыздык) салым 2026-жылы кайтаруу боюнча кепилдиги Арашан айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т. Болгонбаев төлөм жүргүзүү мөөнөтүнө чейин милдеттенет. Төлөм жүргүзүлгөндөн кийин кепилдик милдеттеме өз күчүн жоготсун.

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Арашан айылдык кеңешинин "Бюджет, инвестициялар, укук тартиби, муниципалдык менчик, жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү боюнча" туруктуу комиссиясынын төрайымы Д.А.Макеевага жана Арашан айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т. Болгонбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.К. Калыков**